1) адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, жарандардын бирикмелеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызычылыктарын ишке ашырууну жана коргоону камсыз кылуу;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечимдерди кабыл алууда коомдук пикирлерди, жарандардын жана алардын бирикмелеринин сунуштарын жана сунуштамаларын эсепке алууну камсыз кылуу;

3) мониторинг жана баалоо объекттеринин ишин коомдук баалоо;

4) коррупциянын алдын алууга жана жоюуга көмөк көрсөтүү;

**2.2. Биргелешкен мониторингдин жана баалоонун милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:**

1) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу;

2) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коомчулук менен кызматташуу усулдарынын натыйжалуулугун табуу;

3) мониторинг жана баалоо объекттеринин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу;

4) мониторинг жана баалоо объекттеринин ишин бүтүндөйүнөн калк тарабынан жана атап айтканда айрым социалдык топтор (аялдар, жаштар, улгайгандар, жумушсуздар, ДМЧА жана башкалар) тарабынан канаттануунун деңгээлин изилдөө;

5) социалдык-экономикалык программаларды, биргелешип аракеттенүүлөрдүн пландарын жана гендердик саясатты ишке ашыруу боюнча пландарды жана айылдык аймактын, шаардын башка программалык документтерин (мындан ары – өнүктүрүү программаларын жана пландарын) ишке ашырууда иш жүзүндө пайдаланылуучу убактылуу жана материалдык (анын ичинде финансылык) ресурстарды талдоону жана баалоону табуу, кийин табылган четтөөлөрдү четтетүү, өнүктүрүү программаларын жана пландарын ишке ашыруунун динамикасын контролдоо боюнча иш-чараларды аныктоо жана ишке ашыруу;

6) иштин кемчиликтери жана мониторинг жана баалоо объекттеринин ишине калктын канаттанбаганы жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына маалымдоо, аларды четтетүү боюнча сунуштарды жиберүү.

## III. Биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүдөгү негизги принциптер жана талаптар

**3.1. Биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:**

адамдын жана жарандын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын артыкчылыгы, басмырлоонун кандай гана болбосун формаларына чыдамсыздык;

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ак ниеттүүлүгүн презумпциялоо;

иштин ыктырдуулугу жана мыйзамдуулугу, БМ жана Б топторунун объективдүүлүгү, кынтыксыздыгы жана ак ниеттүүлүгү;

коомдук талкуулоонун жана анын натыйжаларынын айкындыгы, ачыктыгы;

БМ жана Б тобунун ишинин натыйжалары боюнча даярдалган жыйынтыктоочу документтерди жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кароонун милдеттүүлүгү жана БМ жана Б тобунун сунуштарын, сунуштамаларын жана тыянактарын эсепке алуу;

биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн бүтүндүгү жана оперативдүүлүгү.

**3.2. Биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү процессине карата негизги талаптар:**

баштапкы маалыматтын объективдүүлүгү жана жетиштүүлүгү;

маалыматтын кошумча булактарын тартуу;

мониторингдин жана баалоонун натыйжаларын дайма салыштыруу мүмкүнчүлүгүн